ААЛАМДАШТЫРУУ ШАРТЫНДА МАМЛЕКЕТ МЕНЕН ИСЛАМ ДИНИНИН МАМИЛЕСИ

АРСТАНБЕК М.
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

УДК: 322; 325. 254.4:2+297.1

Дүйнө калкынын ислам динине болгон кызыгуусу өсүп, калыптанып калган демократиялык капитал системасы бир караганда ислам менен кызматташкандай көрүнөт. А чынында өткөн кылымдын аягында Америка кошмо штаттары жетекген бир катар Европа мамлекеттери идеологиялык жана саясий-экономикалык карым-катнаштарды колго алып, өздөрү каалаган нукка бургусу келгени, мусулман коомчулугун демократташтырууга кызуу киришкени жана «Исламдын жаңы образын» түзүүчү «чоң долбоорду» баштаганынан байкалат. Анын аягы бир катар конфликттерге, согуштарга апкелди. Майданда исламдын саясий дарамети согуш менен жеңилбейт. Тетирисинче, ислам социалдык чөйрөдөгү демократиялык системанын адилетсиздигине, саясий наадандыгы жана эки жүздүүлүгүнө нараазы болгон потенциалдуу протест катмарга бет алат. Демек, күч колдонуу тетири натыйжа берет. Россия башында эле бул жорукту жосунсуз, жада калса кооптуу көрүп, бул долбоорго кошулган эмес. Кытай адатынча күтүп жаткандай көрүнгөнү менен, эккөө тең негизги аракеттерин токтотушкан эмес. Канткенде да алар мусулман калктуу мамлекеттер менен мамилелеш бойдон калышкан.

Ошентип, саясатта пайда болгон ислам фактору Борбордук Азияга өзгөчө ыкташа баштады. Бул фактордун Борбордук Азияга тийгизген таасирин орус изилдөөчүсү А.Малашенко төмөнкүчө системалаштырат:

- Ислам дининин коомдук-саясий жашоодогу орду;
-Жергиликтүү бийликтин *(оппозициянын)* дин ресурстарын кенен ишке салуу;
- Исламды сырткы кызыкчылыктарга колдонуу;
- Мамлекеттин таасирин күчөтүү үчүн исламга ыкташы [1];

Бара-бара бул жогорудагы факторлор саясий майданда гана көрүнгөндүктөн, саясий илимде «исламизм» термини тарай баштады. Мисалы, А.Ибрагим: «Исламиздин негизги белгиси саясий бийликке багытталганы» дейт [2]. Ушуга окшош тезисти т.и.к., РИАнын араб изилдөө борборунун улуу илимий кызматкери Б.В.Долгов «Перспективы» сайтына берген интевьюсунда: «Өз ара тыгыз байланышкан “исламизмди” “ислам фундаментализми” менен чаташтырбоо керек. Ислам фундаментализми Кураан жана Сүннөттөгү нормаларды күнүмдүк турмушта так колдонуу. Ал эми исламизм – мусулман коомунун ааламдашуу шарында тарыхый, диний салттарын, маданиятын жана улуттуулугун сактап калууга багытталган саясый кубулуш»-деп баяндайт.

Египет профессору Хусей Мунис «Дин жана араб цивилизациясы» аттуу эмгегинде: «Ислам доктринасы ар кандай доор жана мезгилге универсалдуу жана андан чыккан мыйзамдар ар кандай доордо өнүгүү үчүн өтө кубаттуу импульс боло алат»- деп, ислам принциптеринин универсалдулугун өзгөчө белгилейт. Ал эми “Алжир ислам куткаруу фронтунун» негиздөөчүсү Аббас Мадани: “Батыш коому туңгуюкка такалды. Марксизм жана либерализм идеологиялары терең кризисте»- дейт өзүнүн «Заманбап ойлордун кризиси жана ислам чечиминин тууралыгы»- деген китебинде. Оондой эле кээ бир алдыңкы ойчулдар жана теоретиктер исламдын мамлекетүүлүгүн да айтып келишкен. Мындан ислам цивилизациясынын маңызы дин менен саясатты *(христианчылыктагыдай жашоону «диний» жана «дүйнөлүккө» бөлбөй чогуу карайт)* чогуу караган «тоталдык» табияты алдыга суурулуп чыкты [1].

Ошондой эле бүгүн «ислам радикализмин» изилдегендер аны «мелүүн радикализм», «ультра радикализм» жана «аралаш» деп шарттуу үч канатка бөлүп карашат. Шарттуу бөлүнгөнү менен бул тенденциялардын ар бири ислам мамлекетин тикелөөгө багытталганы байкалат. «Мээлүүн радикалдар» мындай мамлекетти тынчтык – чакыруу

жолу менен дешсе, «ультра радикалдар» куралдуу төңкөрүштү усул катары тандашат. Биринчи топтогулар демократиялык системаны четке какканы менен түзүлгөн кырдаалда максатка жетүү үчүн анын мүмкүнчүлүктөрү менен кенен пайдаланышат. Саясий аракеттеринде курал колдонушпайт, светик режимдердин легитимдүүлүгүн тан алышат, алар менен компромисстерге барууга даяр. Бул багыттагы көрүнүктүү идеологдордун бири, пакистандык Абу Аля аль Маудуди «Жамаат-и -Исламия» партиясын негиздеген. Ал эми сириялык окумуштуу Мухаммад Са’ид Рамадан ал-Бути: «Ислам мамлекети Аллахтын амири менен тикеленет, бирок адамдар алгач өздөрүн оңдоолору зарыл»-деп чыккан. Ошентип, бүгүн кээ бир «мээлүүн радикал» топтор легалдашкан болсо, кээлери тыйуу салынган абалда аракеттенишет. Ал эми саясий мүдөөгө курал менен жетүүнү каалагандар, т.а. Сайийд Кутб, Мустафа Шукри, ‘Али ‘Абду Исмаил ж.б. «экстремистик канатта» каралат. Бул теоретиктердин окуулары бара-бара жергиликтүү шарттарга ыктышып, Орто Азиядагы радикал исламизмдин таралуусуна (АКШнын стратегиялык жана саясий изилдөөлөр борборунда болуп өткөн конференцияда Р.Сафронов айткан) неовахабизмге айланып бараткандай.

Жоогоруда каралган ж.б. изилдөөлөрдөн ислам радикализмин – «ислам ренесансынын» кезектеги мыйзамченемдүү толкуну катары азыркы глобализация мүчүлүштөрүнөн, бийлик адилетсиздигинен, соц-экономикалык проблемалардан улам пайда болгон протесттик кыймыл экенин байкаса болот [3].

Ал эми бул процесстердин Кыргызстандагы чагылуусун кароо үчүн, алгач өткөн кылымдын 90-жылдарына кайтуу зарыл. Көз карандысыздыктын алгачкы жылдарында мусулман калктуу постсоветтик Кыргызстандагы ислам дининин кайра жаралуусуна алгач Туркия жана араб мамлекеттеринин таасири да болгон. Ошого карабай тышкы саясаттагы ислам вектору А.Акаевдин бийлигинде тышкы иштер министри Э.Карабаевдин «Израил» элчилигин ачуу ниети менен колун сунуп келаткан араб мамлекеттеринин апсалеси суугандан башталган.

Андан ары исламдын табигатын толук түшүнбөсө да, өзүн мусулман эсептеген калктын 80%дан ашыгы светтик-секулярдык система менен суктанаарлык мамиледе болду. Буга “Кыргызстан исламдашып кетти”- деп коогалалаң түшкөндөрүнө карабай, өткөн шайлоолордон көп мисалдарды тапса болот. Алгачкы шайлоолордо бийлик имамдардан мечиттерде Акаев тууралу “жакшы сөз айтып койууну” гана “суранчу”. Антпесе деле саясий майданда мусулман платформасындагы кандидаттын жоктугунан молдолор Акаевке башканы альтернатива көрчү эмес. Т.Бакир уулунун пайда болуусу менен майдандагы кырдаал өзгөрдү. Анын платформасы чийки жана жөнөкөй гана чакырык болгонуна карабай, мусулман коомчулугу секулярдык платформага альтернатива пайда болгонун билди жана башкарылып турган электоратта жаракалар көрүнө баштады. Муну “24kg” маалымат агенттигинин иликтөөсүндө катышкандардын 59,03 гана Кыргызстанды светтик дегенинен байкаса болот[4].

Бул жарака кийинки, шайлоодо К.Бакиевке атаандашкан ошол эле Т.Бакир уулунун саясий контурлары такталган программасы менен аныгыраак байкалды. Электорат ислам альтернативасы тууралу ой жүгүртө баштады.

Коомдун исламга болгон кызыгуусу күч алган сайын, бийлик мусулман ресурсунун реалдуу күчкө айланып баратканына кабатыр боло баштады жана процессти көзөмөлдөө үчүн, жергиликтүү *(традициалуу)* исламды колдоого киришти. Тагыраагы мусулман коомчулугунда азын оолак орду бар молдолорду колго алып, ислам чакырыктарына негизделген оппозиячыл мүнөздөгү диний саясат аракеттерине тыйуу салды.

Тышкы саясатта кыргыз бийлиги мусулман калктуу мамлекеттерин келечектеги потенциалдык финансылык жана инвестициялык донор катары караганы жана мусулман өлкөлөрүнүн чоң саммиттерине катышып турганы өз алдынчалыкты туюндургандай. Ошол эле учурда ал өлкөлөр менен болгон мамиленин «артындагы үгүттөн», ички саясий аренада мусулман коомчулугунунун алдыңкы өкүлдөрүн «радикалдуулугуна» шектене берүүсү жергиликтүү коомдо белгисиздикти туудурду. Ал эми Иран, Сирия, Палестина

маселелеринде да өз алдынчалык кылганы менен, жогорудагы державаларга жетеленгени, өзгөчө Россияга улам кылчактагы даана байкалып турду.

Кыргызстандагы исламдын диний кырдаалга анализ жүргүзүү менен республикадагы протесттүү катмардагы тенденцияларды официалдуу жана көмүскөдөгү ислам деп, экиге бөлүп караган оң. Мамлекеттик институттар менен легалдуу катташа алган, каттоодон өткөн диний окуу жайлар, мекемелер, жамаатарды официалдуу ислам деп, ал эми жарым легалдашкан же аракетине тыйуу салынган саясий агымдарды, партияларды топторду жана жамааттарды көмүскөдөгү исламга киргизип кароо зарыл.

К.Маликов Кыргызстандагы саясий исламды изилдөөдө официалдуу *(традициалуу)* жана параллелдүү *(сектанттык)* деп кароону да сунуш кылган. Анын айтымында официалдуу ислам консерватизм менен мүнөздөлгөндүктөн азыр терең кризисте. Анын үстүнө алардын диний дүйнөтаанымы заманбап тенденциялар менен атаандашууга жөндөмсүз. Ал эми параллелдүү ислам официалдуу эмес лидерлер, топтор жана партиялар *(вахабисттер, салафтар, ХТИ ж.б.)* менен мүнөздөлөт. “Кыргызстандагы исламдын саясатташуусуна үч себеп бар” − дейт К.Маликов. Алар –мусулманчылык фактору, светтик чиновниктердин диний караңгылыгы жана калктын жакырдыктан мамлекетке нааразылыгы.

Бүгүнкү Кыргызстандагы саясий исламды изилдөө үчүн төмөндөгү негизги тенденцияларды карап чыгуу зарыл:

1. “Ахли сунна валь жамаат” – деп аталган, советтик доордо хужрада диний билим алган молдолор жана алардын таасириндеги катмар;
2. Пакистан, Индиядан келген таблиг жамааттары;
3. Туркиядан диний билим алгандар жана алардын таасириндегилер;
4. Сауд Аравиясынан диний билим алгандар жана алардын таасриндегилер;
5. Жергиликтүү диний окуу жайлардан билим алгандар тобу;
6. Египеттен диний билим алгандар жана алардын таасириндегилер;
7. Хизб-ут-тахрир партиясынын мүчөлөрү жана алардын таасириндегилер.

Кыргыз дин эксперттеринин бири К.Осмоналиев «24.kg» маалымат агенттигине берген интервьюсунда: “Көпчүлүк четтен шариат билимдерин гана албастан Кыргызстан шартына жат салттарды да үйрөнүп, алар кайтаары менен радикалдуу тенденцияларды таратаарын”− айткан [5].

Бул жагдайлардын параллелдүүлүгү жана бир убакытта жүз берип жатканы коомдук саясий кырдаалды чыңалтаары анык. Анын үстүнө мусулман коомчулугунун өзгөчөлөнгөн ич ара мамилелерине кылдат мамиле жасалса гана акыбалды стабилдүү кармоого болот.

Кыргызстанда бийлик кооптонгон ислам радикализмине негиз барбы? Бир чети Тажикстан тажрыйбасы көрсөткөндөй кыргыздарда да алигиче жердешчилик жана уруучулук фактору диний идентификация алдында кубаттуулук кылат. Экинчиден адамдардын аң сезими алкоголь, тамеки, наркозаттар жана бузукулуктар менен ууланганддыктан дин эмес, сергек жашоо абзелдигин түшүндүрүү кыйын. Үчүнчүдөн исламизмди саясий күч катары түптөөчү харизматик лидердин жоктугу да буга бөгөт болуп турат [6].

Кыргызстанда Россиядагыдай ксенофобия аркылуу коомдук пикир жаратуу оңой эмес. Анткени эл кылымдар бою мелүүн мусулманчылык менен жашаганы менен, бүгүнкү али жаш кыргыз мусулманчылыгы чыныгы ислам табиятын али өздөштүрө элек, анын чыныгы протест даамын, зор мобилизациялык кудуретин божомолдогону менен иш жүзүндө сынап көрө элек жана ислам радикализми сымал стереотиптерден анчейин корко бербейт. Анын үстүнө бүгүнкү ислам чакырыгы ал стереотиптерди четке толук кага албаса да элге: “андайлар бизде жок, болсо да батышта” – деген сымал түшүнүктөрдү жеткире алды. Ошентсе да «терроризмге каршы күрөш» азырынча анчейин байкала бербегени менен, кыргыз бийлиги терроризмди бир гана ислам менен байланыштырып караганы келечекте оппозиция менен күрөшүүдө, массалык маалымат каржаттарынын

эркиндиктерин чектөөдө бийликтин ички саясатты жөнгө салуучу курч куралына айлануусу мүмкүн. Демек, «коомдук коопсуздук туудурчу ислам радикализмин» келечекте бийлик үчүн ыңгайлуу душман образына оңой эле айлануусу мүмкүн.

Демек, бүгүн, ислам динине болгон көз караштарга бир аз тактоолор киргизүү менен, ааламдык тенденциядагы ислам чакырыктарына ылайыкташылган жалпы саясий толкундар тууралу сөз кылууга туура келет. Азыркы заманбап Ислам саясий кыймылы – мамлекеттик чек араларды тан албаган, улам тереңдеп кирип келе жаткан кенен маалымат талаасы. Айтмакчы, бул маалымат мейкиндигинде жамааттар, топтор, мечит, медреселерге караганда Ислам саясий кыймылынын потенциалын, идеологиялык негизин изилдөө мaанилүүрөөк.

Литература:

1. Малашенко А. «Ислам и политика в государствах ЦА»
2. Ibrahim A. Karawan. The Islamist Impasse. Adelphi Paper 314. London: IISS. 1997, p. 7.
3. Поляков К.И. Исламский фундаментализм в Судане. Институт изучения Израиля и Ближнего Востока. – М., 2000. С. 15.
4. 17/06 «24.kg»
5. 21/10.2009 ИА «24.kg»
6. Inside Central Asia, 22 Dec 1997 - 4 Jan 1998, p.4, Dekmejian, Ibid., p.23.